КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
МОСКВА РАЙОНУ
МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
МИН-БУЛАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин I-чакырылышы**
**ТОКТОМ №94**

12-сентябрь 2025-жыл Садовое а.

**Миң-Булак айыл аймагындагы китепканаларды**
**оптималдаштыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №624-буйругуна ылайык, Миң-Булак айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары – жооптуу катчы М.Ж.Жылдызбековдун маалыматын угуп чыгып, айылдык кенештин бюджет, финансы, инвестициялар жана гранттык долбоорлор боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 12-сентябрындагы корутундусунун негизинде, бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу жана китеп фондун сактоо максатында, Миң-Булак айыл аймагынын кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Миң-Булак айыл аймагындагы китепканаларды оптималдаштыруу иш-чараларынын алкагында, Миң-Булак айыл өкмөтүнүн балансында турган төмөнкү айылдык китепканалары жоюулсун:
   - Беш-Корук айылынын айылдык китепканасы;
   - Александровка айылынын айылдык китепканасы;
   - Садовое айылынын айылдык китепканасы;
   - Заря айылынын айылдык китепканасы.
2. Жоюлган китепканалардын китеп фонду Миң-Булак айыл аймагындагы билим берүү мекемелеринин мектеп китепканаларына өткөрүлүп берилсин.
3. Миң-Булак айыл өкмөтү:
   - китеп фондун кабыл алуу-тапшыруу боюнча комиссия түзсүн;
   - китепканалардын мүлкүн инвентаризациядан өткөрүп, жоюу боюнча документтерди камсыз кылсын;
   - 2025-жылдын 1-декабрына чейин Сретенка айылынын айылдык китепканасын сактоого тийиш китепканалардын тизмесине киргизсин.
4. Жоюу иш-чараларын өткөрүү жана өткөрүлүп берилген китеп фондунун сакталуусун камсыз кылуу жоопкерчилиги Миң-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы Д.С.Раимкуловко жүктөлсүн.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кенештин бюджет, финансы, инвестициялар жана гранттык долбоорлор боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **Булазова Г.Т.**